Бекитилди
10.09.10. [signature]

# Сабактын темасы: 9-сентябрь «Комуз күнү»

## Комуздун жаралуу тарыхы

Сабактын максаты: Комуздун жаралуу тарыхы менен таанышышат.
Комуз кыргыз элинин музыкалык аспабы экенин билишет:
Комуздун түзүлүшү менен таанышышат:
Комуз күүсүнөн угушат

Колдонулган ресурстар: Буклет,ТСО, сүрөт.

Жаңы сабак: Президентибиз Жээнбеков Сооронбай Шарипович 9-сетябрь «Комуз күнү» деп белгиленсин деп жарлыкка кол койгон. Мындан ары жыл сайын белгиленип келет.

Кыргыз эли кочмон эл болгон. Бир конуштан экинчи конушка көчүп жүрүшкөн. Тиешелүү буюмдары көчүп,конуп жүргөнгө ылайыктуу болгон. Комуз бул байыркы аспаб.

Мисалы ; биз соз кылуучу музыкалык аспаб комуз. Комуз көргөн көзгө жөп жөнөкөй. Бирок ушул кичинекей музыкалык аспабдын ичинде канчалаган кубанычты,муң-кайгыны,ырларды,күүлөрдү ичине камтып келген.

Комуздун түзүлүшү көргөзүлөт:

Комуздун жаралуу тарыхы жөнүндөгү баянды уктуруу.

Комуз күүсүнөн уктуруу

Үч буроо жалгыз тээк үч кыл комуз,
Чертилбейт күүгө келбейт,чебер колсуз
Опоңой коргон көзгө жөп жөнөкөй,
Бирок да добушу бар айтып бүткүз.

Сабакты жыйынтыкоо:

Үй тапшырма: Комздун сүрөтүн тарттуу, эссе жазуу

# Камбаркан баяны.

## ( Уламыш. )

Илгери кыргыздарда Азиз аттуу каардуу хан болуптур. Анын жалгыз уулу Камбаркан мергенчиликке кетип, дайынсыз жоголуптур. Хан түпсүз кайгыга батат. Анан элин жыйып, мыкты деген жигиттердин топтоп издөөгө жөнөтөт.

— Таап келгиле, таппасаңар башыңар алынат, дейт Азис хан жигиттерге. Анан да мындай өкүмдү билдирет.

— Эгер уулум жөнүндө кайгылуу кабар айтып келсеңер, оозуңарга толтура коргошун эритип куйдурам.

— Арадан айлар өтүп, алар бир токойго келишет. Жигиттер тыңшап турушса, кандайдыр бир (токойго келишет) кайгылуу добуш чыгат. Абайлап издешсе, ал үн жаш токойдун бутактарына тартылган үлбүрөгөн ичке жиптен чыгып жатыптыр. Караса, ошол жерде токой жырткычтарынын падышасы арстан жана да хандын баласы катуу кармашта мерт болуптур. Бала менен болгон кармашта канжар жеп, чубалган арстандын ичегиси токой жыгачтарынын бутагына илинип, кургап калыптыр. Шамал болгондо ал кургаган ичеги, муңдуу добуш чыгарып жаткан экен.

Эми эмне кылуу керек? Ханга бул кайгылуу окуя жөнүндө кантип угузабыз? Баары бир баарыбызды өлүм күтүп турат", — деп кайгырышат жигиттер. Ошондо жигиттердин ичинен бир уста чыгып: — Мен жыгачтан аспап чабайын, бул жипти ошого тагалы, андан аркысын көрө жатабыз, — дейт.

Уста кооз гүл таап, жасаган аспабын атын ошол гүлдүн атынан „комузгак" атаптыр

Жигиттердин ичинен дагы бир ышкы жигит чыгып, „комузгакты" күүгө келтирип, керемет муңдуу обон чыгарап

Арадан күндөр өтүп, жигиттер ханга келишет, көздөрү суз, маанайлары пас.
– Эмне кабар бар, айткыла, – дейт Азис хан каардуу.
– Ошондо баягы обон чыгарган жигит комузгакты кайтадан алып, ырдуу да, муздуу да обонун узакка чертет.
– Мен түшүндүм, – дейт Азис хан ого бетер каарданып, – уулум кайгылуу өлүмгө дуушар болгон экен. Арга жок, мен ичимдеги буйругумду чыгаруум керек. Буйругум – буйрук, баарыңар өлүмгө буйруласыңар.

Эл ичинен акылман карыя чыгып, ошондо ханга мындай дейт:
– Сабыр кыл, жакшым, сенин уулуңдун өлгөнүн булар айткан жок, айдагы керемет аспап айтып отурбайбы.
Буйругуң – ошого буйруп өлүмдү.

Азис хан эсине келип, акыл токтотуп, бул керемет аспаптын эмне экенин таануунан сурайт. Баягы уста жигит болгон окуяны болгондой баяндап, анын атын „комузгак" деп атап, ханга тартуу кылат.

Комуз ошондон бери кыргыздын музыкалык аспабы болуп, ал күү-күүнүн башы „Камбаркан" аталып калыбындагы колубузга кала берген дейт.

Бекитемин:

Мектеп директору: К.Сулайманова

23-апрель «Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө» карата «Күч-билимде, билим-китепте» аттуу семинар-тренингинин программасы:

Жылы,айы,күнү: 22.04.19

**Максаты**: Китептин жаралуу тарыхы жөнүндө маалымат алышат. Окуучулар китеп баалуулугун түшүнүшөт, турмушта колдоно билүүгө калыптанышат.

**Сабактын тиби:** Семинар-тренинг

**Колдонулган ыкма:** Аңгемелешүү

**Сабактын жабдылышы**: Видеоролик, интерактивдүү оюн, презентация(БЖУ)

**Сабактын жүрүшү**:

1. Саламдашуу
2. Китеп жөнүндө ырлар- (даярдоо классы)
3. Дубал газета жактоо «Менин китебим» (5-6-класс)
4. Көркөм окуу «Мен сүйгөн саптар»(7-8-класс)
5. Дилбаян «Китеп мен үчүн эмне?» (9-10-11-класс)
6. Интелектуалдык оюн «Тамгалар» (7-8-9-10-11-класс)
7. Китептин жаралуу тарыхы боюнча видеоролик көрсөтүү
8. «Кыргыз Республикасынын Бириккен Жаштар Уюмунун» илим жана социум бөлүмүнүн жетекчиси Муратбек кызы Нурай: «Китеп-бул улуу нерсе, эгер аны колдоно билсе» долбоорунун негизинде мектеп окуучуларына маалымат берет.
9. Интерактивдүү оюн (Бириккен Жаштар Уюму)
10. Окуучуларды сыйлоо
11. Ата-эне, мугалимдерге сөз берүү
12. Кофе-брейк

Китепканачы: Мамырова Кенжебүбү

Текшерилди: [signature] Окуу бөлүмүнүн башчысы: Нааматова Л.

***Сабактын темасы:Бала менен сыйкырчы (жомок)***

***Сабактын максаты:*** *Жомоктун мазмунун түшүнүшөт,андагы окуяга баа бере алат,суроолорго ылайык жоопторун текстен таба алат.*

*Өз алдынча ой жүгүртүп ,өз оюн айтууга көнүгөт,сөз байлыгы өсөт,окуянын картасын түзө алат*

*Эли жерин сүйүүгө,боорукерликке калыптанышат.*

*Колдонулган ресурстар: каармандардын сүрөттөрү ,ватман*

*Жомок үч бөлүктөн турат.Алгач биринчи бөлүгүн окуп түшүнөбүз ,окуянын картасын түзөбүз андан кийин экинчи ,үчүнчү бөлүктөрүн окуп улантабыз.*

***1-бөлүк***

*Абышка –кемпирдин канча уулу бар экен?*

*Баласын жумушка орноштуруу үчүн каяка алып барышты?*

*Абышка шаардан келатып кимге жолукту?*

*Бою бир карыш адам каяктан пайда болду?*

*Абышка уулун сыйкырчыга эмнеге берди?*

*Канча дилдеге сатып ийди?*

***2-бөлүк***

*Канча жыл өткөндөн кийин абышка уулун алганы келди?*

*Сыйкырчы баланы эмнеге айлантып салды?*

*Абышканын баласын сыйкырчы эмне кылгыс келген?*

*Абышкага ким жардам берди?*

*Үйүнө келгнеде баласы атасына эмне деп айтты?*

*Бала эмнеге айланды ?*

*Эмне үчүн жүгөнүмдү бербениз деди деп ойлойсунар?*

*Атасы баланы каякка алып барды?*

*Бала эмнеге айланып үйүнө келди?*

***3-бөлүк***

*Атасы баласын экинчи жолу дагы каякка алып келди?*

*Аргымакты экинчи жолу ким сатып алды?*

*Бул жолу атасы жүгөнүң эмне үчүн сатып ийди ?*

*Сыйкырчынын кызы кимге боору ооруп кое берди?*

*Сыйкырчы Өкүш баланы кууп жетүү үчүн эмнеге айланды?*

*Бала илбирске айланганда Өкүш эмнеге айланды?*

*Кыздардын жанына келгенде бала эмнеге айланды?*

*Кыздардан шакекти алуу үчүн Өкүш кимге айланды?*

*Кыз шакекти колунан чыгарары менен шакек жерге эмне болуп чачылды?*

*Буудайды жеш үчүн сыйкырчы эмнеге айланды?*

*Бала тарууга айланганда сыйкырчы эмнеге айланып жей баштайт?*

*Жем жеп аткан таранчыны бала кайсы канаттуга айланып тээп өлтүрдү?*

*Жигит сыйкырчыдан кутулгандан кийин кимдерди куткарды?*

*Сыйкырды балага ким үйрөттү эле?*

***Жыйынтыктоо:***

*Ошентип балдар сыйкырчынын кызынын жардамы менен абышка-кемпир уулу менен бактылуу жашап калышкан экен.*

Бекитемин : Окуу бөлүмүнүн башчысы:Наматова

Жылы,айы,күнү: 31.01.2020

Саламатсыздарбы урматтуу бүгүнкү семинардын катышуучулары Жакып Өмуралиев атындагы орто мектебине кош келиниздер , кутмандуу күнүнүздөр менен .Билим башаты башталгыч класстан башталат эмеспи,ошол сынары биздин мектептин башталгыч класстарынын мугалимдери балдарга өзгөчө көнүл бөлүп өздөрүнүн билимин аябастан берип келишет.Мугалимдердин талыкпаган эмгектеринин аркасында окуучулар олимпиада, сынактарга катышып турушат.Атап айтып кетсек биздин 4-классынын окуучулары Жакыпов Эрнис,Бакытбеков Алихан «Аракет» олипиадасынада республикалык турга жолдомо алып барып катышып келишти.2-класстын окуучусу Сатыбалдиева Элайым 4-класстын окуучулары Шарипов Чынгыз Бекжанова Махабат «Менталдык арифметика»боюнча республикага барып ийгиликтерге жетишишти .

«Бала жылмайса аалам жылмаят»дегендей өлкөбүздүн президенти Сооронбай Жээнбековдун жарлыгы менен 2020-жыл «Аймактарды өнүктүрүү, санариптештирүү жана балдарды коргоо» жылы деп жарыялады . Быйылкы жылы балдарга көнүл буруу дагы өзгөчө колго алынды десек болот.

Азыркы учурда биздин мектеп «USAID»дин «Келгиле,окуйбуз!»долбоорунун 10 модулунун негизинде башталгыч класстардын мугалимдери менен биргеликте иш алып баруудабыз .Мектеп китепканасы«Келгиле ,окуйбуз!» долбоорунун негизинде Райондук Билим Берүү Бөлүмү тарабынан китептер менен толукталып ,балдардын китеп окуусуна шарт түзүлдү деп айтсак болот.Азыркы учурда балдар өз алдынча адабий китептерди аз санда окуулары өнүндүрбай койбойт. «Келгиле,окуйбуз!»долбоору балдардын китеп окууга болгон кызыгуусун арттырып шыктандырат .Балдар каалаган учурунда окуу залына келип китеп окуп турушат. «Келгиле ,окуйбуз!» ийрими октябрь айында түзүлгөн ,ийримде жалпы 20 окуучу бар.

«Келгиле ,окуйбуз!» ийриминин негизги максаты:окуучулардын китеп окуу көндүмдөрүн өркүндөтүүгө жана ата- энелер менен биргеликте иш алып барууга багытталган.

Азыр сиздер менен биргеликте ийримге катышкан окуучулардан түзүлгөн «Илим» жана «Билим» топторунун «Көп окуган ,көптү билет» интелектуалдык акыл таймашына көнүлүнүздөрдү бурабыз.

Таймаштын максаты:

Окуучулардын окуу көндумдөрун , эске тутуусун өнүктүрүү, ойлонуусун өстүрүү,билим –билгичтиктерин жогорулатуу..

Бүгүн күн өзгөчө салтанат,

Биз күткөн кечебиз башталат.

Илимге жаныдан кол сунуп,

*Билимдүү жаштар көп жаш канат.*

*Жарышта акылы арбындап,*

*Жашоого машыгат,такшалат.*

*Өрнөктүү уул-кыздар жетилсе,*

*Өрнөкту таанытып дүйнөгө,*

*Өлкөну тынчтыкта башкарат.*

*Таймашты баштардан мурда калыстар тобун шайлап алсак.*

*Урматтуу калыстар тобу алдыныздардагы окуучулардын тизмеси жазылган баракчага аткаруу чеберчилги менен артыкчаланган балдарды белгилеп отурсаныздар болот .Жыйынтыгында озунүздөрдун бааныздарды берсенииздер болот.*

*Таймаш негизги 5 тапшырмадан турат.*

*1.Саламдашуу*

*2.Көркөм окуу*

*3.Күтүлбөгөн суроолор*

*4.Окурман театры*

*5.Жомоктор дүйнөсүнө саякат*

*Анда эмесе эки топту чакырып алсак.*

*Тамгалар катылган сөздөр .*

*К –кирип келип класска(Махабат)*

*Е-эриккенди коебуз(Долон)*

*Л-логикабыз өссүндеп (Эрнис)*

*Г-газета- журнал окуйбуз (Билал)*

*И-ийгиликтер жаралат (Фарида)*

*Л-лап этип жаман сөз айтпа (Эрлан)*

*Е-эрктүү болуп билимге (Чыңгыз)*

*О-окуйлу,балдар окуйлу  (Раяна)*

*К-келгиле бирге окуйлу (Канат)*

*У-убакытты уттурбай (Элайым)*

*Й-ийкемдүү бол ар ишке (Султан)*

*Б-билбеген ишке киришпе (Табихат)*

*У-ушунун баарын аткарсак (Темирлан)*

*З-зээндүү балдар булар дейт (Нуржигит)*

*«Келгиле ,окуйбуз!» урааңды жазышат.Озүнүздөргө белгилүү болгондой менин он жагымдагы «Билим» тобу*

*Топ башчысы:Бекжанова Махабат*

*Мүчөлөрү:Жакыпов Эрнис*

*Максатбеков Долон*

*Замирбеков Билал*

*Туратбекова Фарида*

*Кыдырназаров Аманбек*

*Шарипов Чынгыз*

*Ал эми сол жагымдагы «Илим» тобу*

*Топ башчысы:Токтобекова Раяна*

*Мүчөлөрү :Шейшеналиева Табихат*

*Сатыбалдиева Элайым*

*Бектурганов Нуржигит*

*Курманов Темирлан*

*Алымбаев Султан*

*Усөнбеков Канат*

*Чогуу:Утсак мактанбайбыз,утулсак арданбайбыз*

*Саламдашпай сөз баштаба дегендей 1-тапшырма саламдашууга кезек берели .*

*«Билим»тобу:Саламдашуу 1-тиркеме*

*Эмблеманы чечмелөө:*

*Баланын камын көргөн эл,*

*Бактысы ташып өнгөн эл.*

*Эмблема чечмелейм,*

*Көрөрманым бери кел.*

*Кун нурунан куч алып*

*Бийиктикке учалык*

*Билим менен илимге*

*Багыт алып сызалык*

*Багыттооч карап жогору*

*Бак таалайлуу бололу*

*Осуп өнүп туруугa*

*Бак тартып алдык оболу.*

*Чогуу:Билим менен биз кудукту казабыз*

*Илим менен ачылыштар ачабыз*

*Эже-агай жана ата-энеге*

*Саламдашып учурашып атабыз*

*«Илим»тобу:2-тиркеме*

*Эмблема чечмелөө:Компьютердин заманы,*

*Илим билим талабы.*

*Интелектүү санарип,*

*Жоктон барды табалы.*

*Бала базар үй-булөнүн бактысы,*

*Бар болгула жаш бөбөктөр башчысы*

*Кыскартайын мен сөзүмдү*

*Илим, билим келечектин ачкычы.*

*Чогуу: Илим билимге ,көпүрө тил*

*Акыл таймашын жаш жеткинчек тартуулайт бил*

*Конок болуп келген эже –агайга*

*Илим тобу тазартсын дил*

*1-тапшырма боюнча эки топко берген бааныздар.*

*Көркөм окуунун бизге тийгизген таасири сүйлөө чеберчилигибизди арттырат.Жана ошондой эле үндү чыгарып окуу китепте жазылган нерсени эске сактап калууга пайдасын*

*тийгизет деп окумуштуулар белгилешкен.Андыктан таймаштын катышуучулары да өздөрүнүн  көркөм окуу чеберчилигин сынашмакчы.*

*2-тапшырма көркөм окууга кезек берсек.*

*2-тапшырма боюнча берген бааныздар.*

*Карангыда көз тапкан ,капилетен сөз тапкан демекчи  коргошундай салмактуу сөзүнүн күчү менен бүтүндөй элди сактап калган бал тилдүү акындарыбыз чыккан. 3-тапшырма күтүлбөгөн суроолорго кезек берсек.*

*3-тапшырмага берген бааныздар.*

*Ата –эне балага канчалык көңүл буруп сабак окуусуна жардам берсе баланын ошончолук китеп окууга кызыгуусу артат.Ар бир бала ата-энеси менен  бирге болсун .*

*4-тапшырма окурман театры.*

*4-тапшырма боюнча берген бааныздар.*

*Жомок дүйнөсүнө саякат демекчи балалык сезимде жомок менен жашап ,жомоктон жаралганбыз кезекти «Мен сүйгөн жомоктор»                5-тапшырмага берсек.*

*5-тапшырма боюнча берген бааныздар.*

*Ошентип 5-тапшырма дагы аяктады калыстар тобуна сөз берсек жалпы жыйынтыгын чыгарып берсенииздер.*

*Жыйынтыктоо:*

Жакып Өмүралиев атындагы орто мектеби

23-сентябрь мамлекеттик тил күнүнө карата «Эне тилим-сыймыгым»

# Доклад

Китепканачы : Мамырова К

# «Эне тилим - ыйык туткан сыймыгым»

Бүгүн 23-сентябрь Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил күнү.Тил — улуттун баа жеткис зор байлыгы.

Тил —улуттук руханий курал,ал улуттун мүнөзүн,өз алдынчалыгын айкындап турат.

Мамлекеттик тил-бул мамлекеттеги улуттардын ортосундагы байланыштын, пикир алышуунун куралы болуп саналат.

Мындан туура 32 жыл мурун,тагыраак айтканда 1989-жылы 23-сентябрда Кыргыз тили мамлекеттик тил деген статуска ээ болуп,ошондон бери бул күн өлкөбүздө тил майрамы катары белгиленип келет.

Андыктан баардыгыңыздарды бүгүнкү «Улуу майрам »менен чын дилимден куттуктап кетмекчимин.

Ооба ,улуу майрам деп айтууга толук негиз бар,анткени ар бир улуттун өзүнүн ыйык өзгөчөлүктөрү болот.Алардын эң башкысы бул -тили.Бүгүн тилин жоготкон,эл эртең элдүүлүгүн жоготот .Ал эми элдүүлүгүн жоготкон элде эч качан мамлекеттүүлүк деген түшүнүк болбойт.

Башка элдерге сиңип жок болуп кетет.

Карт тарыхта жүздөгөн элдердин башка элге сиңип, жок болуп кеткени баарыбызга маалым. Ошонун баары алгач тилин жоготкон,андан кийин дилин жоготкон ,анан барып элдүүлүгүн жоготкон . Демек тилибизди көздүн карегиндей сактап,улам байытып, өнүктүрүп өстүрүп туруу ар бир Кыргыз атуулунун ыйык милдети болуп саналат.

«Канча тил билсең,ошончо кишисиң»деген накыл кеп бар,бул сөздө калет жок эң таамай,туура айтылган сөз.Көп тил билсең жакшы бирок ошолорду билип туруп өзүңдүн Эне- тилиңди билбесең мындан өткөн кордук,мындан өткөн уят иш жок болсо керек.Андыктан башка тилди дагы үйрөнөлү,бирок эң башкысы эне тилибизди унутпайлы.

Азыркы убакта өтө өкүнүчтүүсү кыргыз болуп туруп кыргыз тилин билбегендер көп санда кездешүүдө.Мунун баары алгач баланы орус тилдүү бала бакчага берип андан кийин орус тилдүү мектептерде окутушат .Натыйжасында бала өз тилин билбей калат.Андыктан мындан бүгүнкү ата-энелер,азыркы биздин муун сабак

алууга тийиш.

Сөзүмдүн акырында Кыргыз эл акыны Шайлообек Дүйшеев агайыбыздын «Эне тилин унуткандар»деген чыгармасы менен аяктагым келип турат.

## «Эне тилин унуткандар»

Чырмалышкан иштин да чатышы бар,
Чындыктын чыгышы,батышы бар
Чытырмандын кудайы пил эле эмес
Чымындын да жашоого акысы бар.
Сайдын дагы башталган башаты бар,
Саяпкердин сактаган такасы бар.
Өрөөндөгү кенедей өзөндүн да,
Өз тилинде чардаган бакасы бар.
Кыргызмын дейсиң мага,
Кыйшактап бийлеп туруп,
Кыргызмын дейсиң мага,
Кыргызча араң сүйлөп туруп
Кыргыз эмес кыргызды жыдыткандар,
Кылым кезген тарыхын унуткандар,
Кыргыз эмес кыйшайтып калпак кийип,
Кадыр —баркын калкынын куруткандар.
Тил жоголбойт,
жоголсо жоголот дил,
уулуң дагы,
кызың дагы
жоголот бил!
Тил жоголбойт,
жоголсо айланасың
колу-бутсуз мунжуга тоголок бир!

Бекитемин:

Мектеп директору:________________К Сулайманова

12-декабрь Улуттук адабият күнүнө карата

Тема : «Улуу көчтүн уланышы»

Китепканачы :________________К Мамырова

1)Алып баруучу:

Заманыбыздын залкары жаңыча көз караштагы,багыттагы адабий чыгармалары менен улуттук адабиятка кайталангыс бурулуш жасаган,кыргыз элин өз чыгармалары менен бүт дүйнөгө тааныткан улуу инсан кыргыз эл баатыры, кыргыз эл жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнү.

Муну менен катар өзүнүн ооз эки чыгармалары менен профессияналдык адабияттын ортосуна арасат салган,кыргыз поэзиясын жаңыча багытка алып чыккан,чыныгы профессияналдуу деңгээлге алып чыгууга өз салымын кошуп кеткен, аз жашаса да кыргыз адабиятына ат көтөргүс эмгек сиңирген акыны Алыкул Осмоновтун көз жумган күнү.

Мына бул эки символикалуу датаны 2011-жылдын 28-январында Кыргыз республикасынын жогорку кеңешинин токтому менен 12-декабрь Улуттук адабият күнү деп кабыл алынган.

2)Ч Айтматов айткан учкул кептер

1. «Сени тааныгандар жашап жатканда сен тирүүсүң»

2. «Дос кыйынчылыкта билинет дешет , менимче,бактылуу кезинде да билинет»

3. «Биз дүйнөнү өзгөрттүк,дүйнө бизди өзгөрттү»

4. «Өткөндү эстеп,келечекти күтө билгенибиз үчүн биз барбыз».

5. «Адамга эң кыйыны-күн сайын адам болуу»

6. «Эң ириде өзүңдүн киндик кан тамган жериң тууралуу ойлонгондо,жалпы дүйнө тууралуу акыл калчайсың»

7. «Тил улуттун кубанса кубанычы,кайгырса кайгысы жана акыл-эси».Тилсиз улут болбойт.

8. «Миңдеген адамдын арасында сен жалгызсың,жалгыз өзүң калганда да жалгызсың».

9. «Өмүрдүн чыныгы баркы ишенимде,бактысы да ишенимде».

10. «Эгер Ата-Журт деген баштыктай сүйрөп ,өзүң менен алып жүрөр нерсе болсо,анын баасы сокур тыйынга татыбас эле».

11. «Адамдын башкаларга кылаар эң чоң жакшылыгы -үйүнөн адам болоор балдарды тарбиялап өстүрүү».

12. «Сүйүүдөн аалам жаралган,сүйүүнүн өзү түбөлүк».

3) Кыргыздын өңү(Ч Айтматовдун жаркын элесине арналат)
(1-тиркеме)

4) Алып баруучу:

Танса баардыгынан танган ,бирок ырдан танбаган, ыры жок өмүрүнө канааттанбаган,турмушта ыр менен келип ыр менен кеткен алп акыныбыз Алыкул Осмонов кыргыз поэзиясын сүйгөн ар кыл предметтердин өкүлдөрүнүн адабиятка болгон поэзиялык мүнөттөрүн тартуулайбыз

1.А Осмонов «Ата Журт»

2. «Адамзат»

3. «Ысык-Көл»

4. «Маляр»

5. «Отуз жаш»

6. «Жумушчу»

7. А Осмоновдун жаркын элесине арналат(2-тиркеме)

5) Алып баруучу:

Адабият дегенде Чыңгыз Айтматов жана Алыкул Осмонов менен эле чектелбейт .

Улуу эпосубуз «Манас», «Семетей», «Сейтек» баш болгон жана акын жазуучуларыбыздын чыгармаларын ыйык тутуп муундан-муунга айтып келебиз.

«Манас» эпосунан үзүндү

*Кыргыз тили кылымдарды карыткан
Эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан
Манас атам Чыңгыз атам бабалар
Ала Тоону бүт ааламга тааныткан

*Чыңгыз атам жазам десе далай сыр бар
«Бетме-бетти» өттүңөр го далай жылдар
Жаштарыбыз «Ак кемесин» эске алып
«Эрте жазда турналар» деп ураан салаар

Ысык-Көл сен ырысым сен жыргалым

Ырыма өзүң болдуң дем кылганым

Өзүнчө урматтуу бир салт экен го

Күрпүлдөп көбүк чачып турган маалың.

6)Сценка

7. Алып баруучу:

Мына ушинтип адабият күнү республикабыздын жер- жерлеринде,окуу жайларында жана мектептеринде жогорку деңгээлде белгиленип келүүдө.

Адабият адамдарга таанычулук, өстүрүп өнүктүрүүчүлүк,ырахат берүүчүлүк кызмат кылат.
Адабият- элдин аң сезими,жарыгы,жемиши алардын жашоо турмушу.

Адабият-бул көркөм сөз өнөрү.